**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Жайыл районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары жөнүндө**

**Отчет**

**Аудит объектилери**

Аудит объектилери болуп - Жайыл райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Жайыл башкармалыгы, Жайыл районунун өз алдынча башкаруу органдары жана муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тиешелүү критерийлери боюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

Аудиттин жалпы көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдык, ченемдик жана укуктук актыларын изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик процесстин мыйзам-ченемдерге шайкештигине аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит (республикалык бюджеттеги мекемелер үчүн гана);
- каржы-чарбалык ишине аудит (муниципалдык ишканалар үчүн гана);
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- эмгек акыга каражаттардын пайдаланылышына аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;
- командировка чыгымдарына жана эсеп берме жактар менен эсептешүүгө аудит;
- транспорт каражаттарын күтүүгө, КММ чыгымдарына ченемдердин сакталышына, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө ж.б. аудит;

- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана байланыш кызматтарына ченемдердин сакталышына аудит;

- курулуш-куроо иштерине, капиталдык жана учурдагы оңдоо иштерине каражаттарды пайдаланууга аудит;

- ижара мамилелерине аудит;

- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;

- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө аудит;

- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына аудит;

- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына аудит;

- аудиттин жыйынтыктарын тариздөө.

**Аудиттин критерийлери**

Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер жана муниципалдык ишканалар үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун мыйзамдарга шайкештигин баалаган критерийлер:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамы

- Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлундагы № 403 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" Жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 11-ноябрындагы № 243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо жана башка ЧУА;

- ички ченемдик документтер ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер INTOSAI аудитин принциптерине ылайык жүргүзүлдү, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы № 03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары эсептелет.

Аудиттер Жайыл райондук мамлекеттик администрациясында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Жайыл башкармалыгында, Жайыл районунун Өнүктүрүү фондунда, Жайыл районунун 12 өз алдынча башкаруу органдарында жана 6 муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудиттерди жүргүзүү үчүн аудитке берилген маалыматтар үчүн аудит субъекттеринин кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

**Мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2020-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Жайыл районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, айрым мекемелердин бюджеттик, атайын жана башка каражаттарды пайдаланышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган:

- финансылык бузуулар **– 3 796,3 миң сом;**
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары- **4 145,9 миң сом;**
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **1 348,8 миң сом.**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Жайыл райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясында каралган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 1 997,2 миң сом суммасындагы финансылык бузуулардын 1 730,2 миң сому калыбына келтирилген.

Калыбына келтирилбеген **267,0 миң сом** калган:

- Сары-Булак айыл өкмөтү – 183,4 миң сом (курулуш-куроо иштеринин жогорулатуусу).
- Суусамыр айыл өкмөтү – 83,6 миң сом (ижара акысы).

**Жайыл районунун 2022-жылга социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү**

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча райондун өнөр жай ишканалары тарабынан 95 644,5 млн. сомго продукция өндүрүлгөн, 2020-жылдын денгээлине салыштырганда 108,3% түзгөн. Аффинаждык өндүрүштүн көлөмүн эсепке албаганда, 2021-жылдын деңгээлине карата өндүрүлгөн продукциянын көлөмүнү– 108,3 % түзгөн.

ЧОБ субъектилеринин жана жеке ишкерлердин өндүрүшүнүн салыштырма салмагы, райондун жалпы өндүрүшүнүн көлөмүндө, аффинаждык өндүрүштү эске албаганда – 126,0 % түзгөн.

2022-жылы тартылган инвестициялардын көлөмү 1 193,6 млн.сомду түзгөн, анын ичинде: тышкы инвестициялар -288,5 млн.сом (150,6 млн. сомов – чет элдик насыя, 137,9 млн.сом –чет элдик гранттар, кайрымдуулук жардам жана башкалар), ички инвестиция -905,1 млн.сом. Тартылган инвестициялардын көлөмү 2021-жылга карата 154,4% түзгөн.

Отчеттук мезгилде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жалпы көлөмү 418,8 млн. сомго 56 долбоор ишке ашырылган, анын ичинен 4 долбоор АРИС (ПУСКР) ишке ашырылып, 67 жумушчу орундары түзүлгөн.

Ошондой эле, АРИС долбоорлору боюнча “Бишкек-Ош” автожолунун 155-чакырымында “Автожолду бойлото станция куруу” долбоору аткарылган. АРИС 6 долбоору боюнча капиталдык салымдардын көлөмү 153,4 млн. сомду түзгөн.

Жайыл районун Өнүктүрүү фонду тарабынан 23 876,7 миң сомго 20 долбоор ишке ашырылган.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында 3 электрондук маалыматтык система боюнча иштер жүргүзүлгөн: “Санарап аймак” МС, “Е-кызмат” МС жана “Инфодокс” МС.

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча аянты 14 795,75 кв. метр 110 турак үй пайдаланууга берилген, бул 2020-жылга карата 139,2 % түзгөн. Турак жайлардын курулушу калктын өздүк каражаттарынын эсебинен жүргүзүлүүдө.

Жол тейлөө мекемелери (ДЭУ-40, ДЭУ-9) жолдорду кышкы жана жайкы кармоого, Жайыл району боюнча утурумдук ремонтко, республикалык бюджеттен 75 млн. 49,2 миң.сом жумшалган.

2022-жылга тышкы товар жүгүртүү 27,1 млн. АКШ долларын, же 2021-жылга салыштырмалуу 98,2% түзгөн. Негизинен тамак-аш кайра иштетүүчү ишканалардын продукциясы (сүт продукциясы, этил спирти ж.б.) экспорттолот.

Ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпулдарды алуучулар 3 163 адам, 2021-жылга салыштырмалуу 214 адамга көп (2 718 адам). Бул категориядагы жарандарды каржылоо үчүн айына керектелүүчү сумма 18 млн. 262,7 миң сомду түзгөн.

Жайыл райондук Социалдык фонду башкармалыгынын маалыматы боюнча 2023-жылдын 1-январына карата пенсионерлердин саны 15 191 адамды түзгөн. Бир айга керектелүүчү сумма 1 223,0 млн.сомду түзгөн. Орточо айлык пенсиянын өлчөмү 8 036 сом.

**2022-жылга жергиликтүү бюджеттин аткарылышы**

2022 – жылга Жайыл району боюнча мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолу 819 млн. 276,3 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү киреше-831 млн. 241,4 миң сом (101,5%), же 11 млн. 965,1 миң сомго көп. Анын ичинен республикалык бюджет – такталган болжол 479 млн.329,9 миң сом, иш жүзүндө түшүүлөр 475 млн. 799,5 миң сом (99,3%), 3 млн. 530,4 миң сомго аз түшкөн.

Жергиликтүү бюджет боюнча план-болжол - 339 млн.946,4 миң сом, иш жүзүндө түшүүлөр 355 млн. 441,9 миң сомду түзүп, план 104,6% аткарылган.

2022-жылга салыктар жана төлөмдөр 80 млн. 302,2 миң сомго көбөйүп, өсүү темпи 129,9 % түзгөн.

Республикалык бюджет боюнча план- болжолдун аткарылбагандыгынын себеби болуп, резиденттер эместердин киреше салыгы боюнча пландын аткарылбашгандыгы саналат: план боюнча – 4 389,6 миң сом, иш жүзүндө түшүүлөр 1 389,6 миң сом. Такталган пландын аткарылбагандыгынын себеби болуп, 2022-жылга чет өлкөлүк уюмдар тарабынан эч кандай иш аткарылбагандыгы же кызмат көрсөтүлбөгөндүгү саналат.

Жергиликтүү бюджет боюнча жеткирилген план-болжол боюнча 118 млн. 201,4 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө 135 млн. 964,7 миң сомго же 114,4% аткарылган.

Чүй областынын Жайыл районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин алкагында: Жайыл райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Жайыл башкармалыгы, Жайыл районун өнүктүрүү Фонду, 12 айыл өкмөттөрү, 6 муниципалдык ишканалар камтылган.

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, бардыгы:

Аныкталган финансылык бузуулар – **3 660,9** миң сом, анын ичинде:

- каражаттарды сарптоодогу бузуулар жана кемчиликтер - 2 784,8 миң сом, алардын ичинен:

• эмгек акыны негизсиз төлөөлөр -1 578,7 миң сом;

- материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын, анын ичинде эсепке берме суммалардын негизсиз эсептен чыгарылышы - 9,5 миң сом;

• курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 305,9 миң сом;

- мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу - 66,5 миң сом;

- эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыз - 890,7 миң сом;

• бюджеттин кошумча чегерилген кирешелери - 455,0 миң сом, алардын ичинен;

- салык жана бажы мыйзамдарын бузуу - 93,1 миң сом;

- бюджетке которулууга тийиш болгон ижара акысы - 361,9 миң сом.

- Соцфонддун кошумча чегерилген кирешелери - 421,1 миң сом.

Аныкталган бюджеттин резервдери жана жоготуулары - **7 982,3** миң сом, анын ичинде:

• эмгек акыны төлөөдөгү мыйзам бузуулар - 598,5 миң сом;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка органдар тарабынан колдонуудагы мыйзамдарга карама – каршы келген чечимдердин кабыл алынышына, бюджетти түзүүдө, анын киреше бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн төмөндөтүүгө жана чыгаша бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн жогорулатууга байланыштуу салык, бажы жана башка төлөмдөр жана бюджеттин чыгаша бөлүгү боюнча бюджеттин жоготуулары – 6 123,8 миң сом;

- бюджеттин башка резервдери жана жоготуулары – 1 260,0 миң сом.

Аныкталган рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **1 263,2** миң сом, анын ичинде:-

• ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсетеги каражаттар-1 263,2 миң сом.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын иштери, төмөндө баяндалган жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, аудиттин критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды.

**Жайыл райондук мамлекеттик администрациясы**

2022-жылга чыгымдар сметасы 26 618,7 миң сомго бекитилген, такталган сумма 38 313,7 миң сомду, кассалык чыгымдар 31 313,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгамдар 40 479,6 миң сомду түзгөн. Иш жүзүндөгү чыгымдардын кассалык чыгымдардан 2 165,9 миң сомго ашып кетишинин себеби, отчеттук 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча, жергиликтүү бюджеттик мекемелердин электр энергиясы үчүн дебитордук карыздарынын болушу менен түшүндүрүлөт.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 "Кыргыз

Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомун бузуу менен, М.Дакаевге **2 915** сом ашыкча төлөнгөн, ошол эле учурда, А. Варгусовага 7 040 сомго эмгек акы аз төлөнгөн. Ошондой эле, Социалдык фондго чегерүүлөр **1,7** миң сом өлчөмүндө төлөнгөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгек акыны эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талаптары так сакталсын.

Аудиттин жүрүшүндө, ашыкча төлөнгөн 2 915 сом М.Дакаевден өндүрүлүп, бюджетке калыбына келтирилгени жана А. Варгусовага 7 040 сом суммасында аз төлөнгөн эмгек акы төлөнгөндүгү, төлөнбөй калган 1,7 миң сом Социалдык фонддун бюджетине киргизилгендиги эске алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А.Омурсаков.

**Ак-Башат айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 30 591,1 миң сомго бекитилген, 35 401,4 миң сомго такталган, анын ичинде атайын эсептин каражаттары 1 803,5 миң сом, планды аткаруу 36 857,2 миң сомду түзгөн, анын ичинде бюджеттик каражаттар 34 862,3 миң сом жана атайын эсептин каражаттары 1 994,9 миң сом, же жалпы план 104,1% аткарылган;

Мындан тышкары, жылдын башында эркин калдык 1 227,2 миң сомду түзгөн, анын ичинен атайын эсептин каражаттары боюнча 842,8 миң сом.

2022-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгү 29 771,6 миң сом (атайын эсепти кошпогондо), 33 982,3 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 26 808,9 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 18 512,9 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин 152 ижарачысы менен түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасы 2 391,8 миң сомду түзгөн. Ошону менен бирге, Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдалануу үчүн ижара акысы боюнча 2022-жылга кирешелердин такталган планы 1 700,0 миң сомго бекитилген. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгүнүн план-болжолу **691,8** миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, болгон киреше булактарынын толук эсепке алынбагандыгынын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлери үчүн ижара акысы боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлар резервинде турбаган 6 кызматкер кабыл алынып, аларга **937,6** миң сом негизсиз эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго 137,9 миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 3-бөлүгү так жетекчиликке алынсын.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлундагы № 403 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтомун бузуу менен, мамлекеттик сатып алуулар боюнча адистин штаттан тышкаркы бирдиги камтылган, ага **144,0** миң сом өлчөмүндө эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго 24,8 миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн штаттык ырааттамасы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлундагы № 403 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтомуна так шайкеш келтирилсин.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте, “Ак-Тилек” жана “Балалык” бала бакчаларынын айрым кызматкерлери тарабынан тамак-аш үчүн жалпы суммасы **9,5** миң сом төлөнбөгөнү аныкталган**.**

**Сунуштама:**

“Ак – Тилек” жана “Балалык” бала бакчаларынын айрым кызматкерлери тарабынан тамак-аш үчүн төлөнбөгөн 9,5 миң сом аудиттин жүрүшүндө өндүрүлгөндүгү эске алынсын. Мындан ары, тамак-аш азыктарын эсептен чыгарууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-п буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, 2023-жылдын 1-январына карата Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлери үчүн ижара акысы боюнча дебитордук карыз 2 932,4 миң сомду түзгөн. Аны өндүрүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлбөйт.

**Сунуштама:**

Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин ижара акысы боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн. Ошондой эле, ижара акысын өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн ижара келишиминин шарттарына ылайык, айып санкциялары эсептелсин жана өндүрүлсүн.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 48- беренесинин 10- пунктун жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы № 30 “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалануу үчүн алынган акынын 1/3 бөлүгүн **17,9** миң сом суммасында жергиликтүү бюджетке которуу жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн жайыт комитети алган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында киргизүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарын аткаруу камсыз кылынсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 17,9 миң сом өндүрүлсүн.

Аудит жүргүзүгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков

**Жайыл айыл өкмөтү**

2022- жылга бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы активдер жана милдеттенмелер менен жалпы суммасы 7 912,0 миң сомго бекитилген, такталган план 8 547,4 миң сом, иш жүзүндө аткаруу 10 793,5 миң сомду түзгөн, же план 126,3% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 912,0 миң сомго бекитилген, 16 218,7 миң сомго такталган, кассалык чыгамдар 14 697,4 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 11 587,1 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин 45 ижарачысы менен жалпы суммасы 2 051,8 миң сомго ижара келишимдери түзүлгөн. Ошону менен бирге, Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдалануу үчүн ижара акысы боюнча 2022-жылга кирешелердин такталган планы 1 005,0 миң сомго бекитилген. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгүнүн план-болжолу **1 046,8** миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, болгон киреше булактарынын толук эсепке алынбагандыгынын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун**.**

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Чүй областынын Жайыл райондук сотунун чечимдери боюнча, Жайыл айыл өкмөтү тарабынан кепилдик берүүчү катары Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин пайдасына 910,0 миң сом (2021-жылдын 7 – сентябрындагы № ГД - 560/21ч2) жана “Кара – Балта сууканалы” МИ пайдасына - 200,0 миң сом (2021-жылдын 7-сентябрындагы № ГД -882/21ч2) чечими боюнча жергиликтүү бюджеттен төлөнгөн. Ошентип, жергиликтүү бюджеттин жыйынды жоготуулары **1 110,0** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Соттук чечимдер боюнча жергиликтүү бюджеттен төлөнгөн акча каражаттарын “Наристе Бакыт” Ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесинен (ИСКАКБ) жана “Жай-Булак” Суу пайдалануучулар ассоциациясынан (СПА) регресстик тартипте өндүрүп алуу мүмкүнчүлүгү каралсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **565,1** миң сом суммасында көмүрдүн нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги № 72 **“**Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесин бузуу менен конкурс өткөрбөстөн жана электрондук порталга конкурстук документтерди жайгаштырбастан, аудит мезгилде 357,5 миң сом суммасында кызмат көрсөтүүлөр жана жумуштар сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруунун жол-жоболорун уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесинин талаптары сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кутпилдин уулу А.

**“Жайыл Таза Аймак” муниципалдык ишканасы, уюштуруучусу Жайыл айыл өкмөтү**

2022-жылга кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчетко ылайык, операциялык ишмердиктен түшкөн киреше 2 995,2 миң сомду түзгөн, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуунун өздүк наркы 2 011,0 миң сомду, операциялык чыгымдар 975,6 миң

сомду түзгөн. Натыйжада, салыктарды эсептен чыгарганга чейинки 8,6 миң сом суммасында пайда алынган. Ишкананын таза кирешеси 7,8 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесин бузуу менен, конкурс өткөрбөстөн жана электрондук порталга конкурстук документтерди жайгаштырбастан, аудит мезгилинде 47,5 миң сом суммасында кызмат көрсөтүүлөр жана иштер жумуштар сатып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин талаптары так сакталсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына карата абоненттик төлөм боюнча дебитордук карыз 569,5 миң сомду түзгөн, 2022-жылга эсептелген абоненттик төлөмдөр 20,4 % түзгөн. Башкача айтканда, дээрлик, керектөөчүлөр тарабынан эсептелген абоненттик төлөмдүн бештен бир бөлүгү төлөнгөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыска мөөнөттө абоненттик төлөм боюнча дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча конкреттүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кутпидин уулу А.

**Кара-Суу айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 7 645,6 миң сом өлчөмүндө бекитилген (атайын эсептин каражаттарын эске алуу менен), 11 966,5 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө аткаруу 12 601,4 миң сом суммасында камсыздалган, же такталган болжолго салыштырмалуу түшүүлөрдүн планы 105,3% аткарылган.

Чыгымдардын сметасы 7 383,1 миң сом суммасында бекитилген, такталган план 11 991,4 миң сомду түзгөн, кассалык чыгымдар 11733,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 10 673,4 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит 2023-жылдын 1-январына карата Социалдык фондго которуулар боюнча 293,9 миң сом суммасында дебитордук карыз бар экендигин белгилейт.

**Сунуштама:**

293,9 миң сом суммасында Социалдык фондго которуулар боюнча дебитордук карызды кыскартуу боюнча конкреттүү чаралар көрүлсүн. Мындан ары, дебитордук карыздардын болушуна жол берилбесин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектордун м.а. Б.Давлетбаев.

**Красный Восток айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 10 283,2 миң сомго бекитилген, 14 447,2 миң сом суммасына такталган, иш жүзүндө аткарылышы 16 536,4 миң сомду түзгөн, же план 114,5% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 958,2 миң сомго бекитилген, такталган план – 12 415,4 миң сом, кассалык чыгашалар 11 521,9 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 11 605,9 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №.25 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, жер маселелери боюнча жетектөөчү адис М. Токчулуковго жооптуу катчынын кызмат ордун айкалыштыргандыгы үчүн **35,3** миң сом, анын ичинде Соцфондго чегерүүлөр 10,4 миң сом негизсиз төлөнгөн.

Ошондой эле, иш кагаздарын жүргүзүү боюнча адис Л.Тологоновага инвестициялар боюнча адис кызматын айкалыштырганы үчүн 2022-жылдын ноябрь-декабрь айлары үчүн **14,7** миң сом, анын ичинде Соцфондго чегерүүлөр 2,8 миң сом негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, муниципалдык кызматкерлерге эмгек акы төлөөдө, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 15-беренесинин талаптар так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 51-беренесинин талаптарын бузуу менен, айылдык Кеңештин 2022-жылдын 20-декабрындагы № 11/9 "Акча каражаттарын бөлүү жөнүндө" токтомуна ылайык, 2022-жылдын 29-декабрындагы №664 төлөм тапшырмасына ылайык, "Кызыл-Суу" Ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесинен (ИСКАКБ) эсебине жергиликтүү бюджеттен **150,0** миң сом электр энергиясы боюнча карыздарды төлөөгө которулган.

**Сунуштама:**

Электр энергиясы боюнча карыздарды төлөө үчүн "Кызыл-Суу" ИСКАКБне негизсиз которулган 150,0 миң сом бюджетке калыбына келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн тышкы адис Б.Темирбаев.

**Кызыл-Дыйкан айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 9 499,7 миң сом суммасында бекитилген, 12 775,6 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 13 072,9 миң сомду түзгөн, же план 102,3% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 9 499,7 миң сомго бекитилген, 12 806,5 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 12 338,5 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 11 829,5 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга карата Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча 2 690,1 миң сомго келишимдер түзүлгөн. Ошону менен бирге, Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдалануу үчүн ижара акысы боюнча 2022-жылга кирешелердин такталган планы 1 760,0 миң сомго бекитилген. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгүнүн план-болжолу **930,1** миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эмес эсепке алуунун натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлундагы № 403 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомун бузуу менен, мамлекеттик сатып алуулар боюнча адистин штаттан ашыкча бирдиги киргизилип, ага **45,6** миң сом өлчөмүндө эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Соцфондго чегерүүлөр 6,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн штаттык ыраттамасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлундагы № 403 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна так шайкеш келтирсин.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

